УДК: 82-1/29
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.26

**Жамангулова Н.**
**КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы**
**Тил жана адабият институту**

## А.ЧОРОБАЕВДИН "ТАЙЛАК БААТЫР" ПОЭМАСЫНДАГЫ ТАРЫХ ЖАНА КӨРКӨМ ЧЫНДЫК

**Кыскача мазмуну:** Тарыхта белгилүү болгондой, XIX кылымдын башында кыргыз жерине, анда жашаган элге реалдуу коркунучтар болуп турган. Уруулар ортосундагы ич ара түшүнбөстүктөн келип чыккан кагылышуулар, бир жагынан Кытай өлкөсүнүн Цинь империясынын, экинчи жагынан кыргыз жерине кирип келген Кокон хандыгынын жүргүзгөн үстөмдүк саясаты эл ичинен баатырлардын чыгышын шарттабай койгон эмес жана баскынчылардын жортуулдарына каршы кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөштөр баатырларсыз өз максатына жетмек эмес. Кылымына, дооруна жараша тарыхый инсандардын да көтөргөн жүгү, милдети, жоопкерчилиги артып жасаган иштери, баатырдык көрсөткүчтөрү бөтөнчөлөнүп келет. Акын А.Чоробаев фольклордук чыгармаларды жыйноочу, санжырачы, сөз кадырын билген адам катары өз элинин тарыхына кайрылып, элдин аң сезиминде кыттай уюп калган чыныгы жашап өткөн, баатырдыгы кылымдар алмашса да өз баасын жоготпой келе жаткан, тайманбастан сан миңдеген жоолордун кол салуусунан жеринин, элинин эркиндигин коргогон тарыхый инсан Тайлак баатырдын мекен үчүн жасаган эрдиктерин эл оозунан чогултуп, тиешелүү формага салып, аны шөкөттөп, кийинки келечек муундардын атуулдук сапаттарын калыптандырып кыргыз уул-кыздарына дем-күч берип, мекенчилдик сезимдеринин ойгонушуна түрткү бере турган, бир керемет чыгармага айлантып окурмандарына тартуулай алды. "Тайлак баатыр" поэмасында XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы боштондук күрөштүн жетекчиси Тайлак баатырдын иштери жөнүндө баяндалат.

**Түйүндүү сөздөр:** Цинь империясы, Кокон хандыгы, баскынчылык, мекенчилдик, поэма, боштондук күрөш, тарыхый инсан.

**Жамангулова Н.**
**Институт языка и литературы**
**НАН КР им. Ч. Айтматова**

## ИСТОРИЯ И ХУДОЖЕСТВЕННАЯ РЕАЛЬНОСТЬ В ПОЭМЕ А. ЧОРОБАЕВА «ТАЙЛАК БААТЫР»

**Аннотация:** Как известно в истории, в начале 19 века существовали реальные угрозы кыргызской земле и проживающему на ней народу. Конфликты, возникающие из-за внутренних недоразумений между племенами, с одной стороны Циньской империей Китая, а с другой господствующей политикой Коконского ханства, вторгшегося на кыргызскую землю, не помешали появлению героев из числа народа, и борьба за независимость кыргызского народа против набегов захватчиков не достигла бы своей цели без героев. Поэт А. Чоробаев, как собиратель фольклорных произведений, генеалог, человек, знающий цену слову, обращался к истории своего народа, прожившего реальную жизнь, едва застывшую в сознании народа, чья не утратил своего значения, несмотря на смену веков, мужественно

защищавшего свободу своей земли и народа от набегов тысяч варваров, сумевшего собрать из уст народ, облечь их в подходящую форму, вдохновить, сформировать гражданские качества будущих поколений, ободрить кыргызских сыновей и дочерей и превратить их в прекрасное произведение, которое будет стимулировать пробуждение патриотических чувств и представить его читателям. Поэма «Тайлак баатыр» повествует о деяниях Тайлакского богатыря, руководителя освободительной борьбы против гнета Коконского ханства в первой половине XIX века.

**Ключевые слова:** Империя Цинь, Коконное ханство, нашествие, патриотизм, поэма, борьба за свободу, историческая личность.

**Zhamangulova N.**
**Institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov NAS KR**

## HISTORY AND ARTISTIC REALITY IN A. CHOROBAEV’S POEM «TAILAK BAATYR»

**Abstract:** As is known in history, at the beginning of the 19th century there were real threats to the Kyrgyz land and the people living on it. Conflicts arising from internal misunderstandings between the tribes, on the one hand, the Qin Empire of China, and on the other, the dominant policy of the Kokon Khanate, which invaded the Kyrgyz land, did not prevent the emergence of heroes from among the people, and the struggle for the independence of the Kyrgyz people against the raids of the invaders did not reach to its goal without heroes. The poet A. Chorobaev, as a collector of folklore works, a genealogist, a person who knows the value of words, turned to the history of his people, who lived a real life, barely frozen in the minds of the people, whose significance did not lose its significance, despite the change of centuries, courageously defending the freedom of their land and the people from the raids of thousands of barbarians, who managed to gather people from their mouths, dress them in a suitable form, inspire them, shape the civic qualities of future generations, encourage Kyrgyz sons and daughters and turn them into a wonderful work that will stimulate the awakening of patriotic feelings and present it to readers. The poem «Taylak baatyr» tells about the deeds of the Taylak hero, the leader of the liberation struggle against the oppression of the Kokon Khanate in the first half of the 19th century.

**Keywords:** Qin Empire, Cocoon Khanate, invasion, patriotism, poem, struggle for freedom, historical figure.

Өз мезгилинин белгилүү акыны Абдыкалык Чоробаевдин “Жаңыл Мырза” эпосунан кийинки көрүнүктүү чыгармасы – “Тайлак баатыр” поэмасы. Акын бул поэмасын жаратууда тарыхый чындыкка токтолуп, окуяны бүтүндөй эл оозунан уккан маалыматтардын негизинде жаратуу менен адабиятта тарыхый жанрдагы чыгармалардын санын толуктап, сапатын байыта алды. Тайлак баатырдын эрдиги боюнча өз кезегинде агартуучу Ыбырай Абдрахманов, фольклор жыйноочу Тоголок Молдо, анын шакирттери Нурдин молдо менен Абдыкалык Чоробаевдер эмгектерин жаратса, бир катар тарыхчылар кайрылып, илимий изилдөөлөрүн бүгүн да жүргүзүп келишүүдө.

Дегеле поэма деген эмне, анын ичинде тарыхый поэманын чагылдырган сюжети, ички композициялык курулушу, турмуш чындыгынын реалдуу чагылдырылышы, каармандардын сүрөттөлүшү канчалык? Мына ушул сыяктуу суроолорго биз анализ кылып отурган "Тайлак баатыр" поэмасынан жооп издөөгө аракет кылмакчыбыз.

Поэма – ыр түрүндөгү эпостон көлөмүнүн кичинелиги, сюжеттик композициялык түзүлүшү өтө татаал эмес, каармандарынын аздыгы менен айырмаланган чакан көлөмдөгү элдик эпикалык чыгармалар. Белгилүү окумуштуу С.Мусаев: "Элдик поэмаларга мүнөздүү өзгөчөлүк – алардын мазмунунун турмушка жакындыгы. Адатта ар бир чыгармада уламышка тиешелүү белгилер таасын байкалып тургандыгына карабастан, негизги турмуш чындыгынан алынган окуя –болмуш катары кабыл алынат жана түшүнүлөт" [1]деп туура мүнөздөмө берген.

Фольклордук мүнөздөгү чыгармаларды классификацияга бөлүштүрүү боюнча бүгүнкү күнгө чейинки изилдөөлөргө таянып, белгилүү окумуштуу Г.Орозова нукура кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын жана турмуш чындыгынын негизинде жаратылган элдик поэмаларды жанрдык ички табиятына, сюжеттик өзгөчөлүгүнө, тарыхый жактан өнүгүшүнө, көркөмдүүлүгүнө карап төмөнкүдөй классификацияга бөлөт жана мындай бөлүштүрүүнү туура деп эсептейт.

1. Турмуштук – социалдык поэмалар ("Муңдук, Зарлык", "Карагул ботом", "Аксаткын менен Кулмырза" ж.б.)

2. Тарыхый- баатырдык поэмалар ( "Гүлгаакы", "Эр Эшим", "Тайлак баатыр" ж.б.)

3. Тарыхый поэмалар ("Ак Бермет", "Ак Мөөр", "Балбай", Алп Тобок"ж.б.) [2]

Тарыхый – баатырдык поэмалар согуштук көрүнүштөрдүн, эли-жерин ички – сырткы кол салуулардан коргогон баатырлардын тегерегиндеги окуялардын негизинде болуп элдик уламыш, тарыхый чындык, тарыхый окуя, тарыхый ырлардын системалаштырылышынан улам жаралат. Демек, бул жалпылыктар биз талдап жаткан "Тайлак баатыр" тарыхый поэмасында канчалык камтылгандыгын аныктоо макалабыздын негизги максаты.

Эл оозунда Тайлак баатыр деген ысым менен белгилүү болгон Ырыскул бий уулу Тайлак (1796-1838) Цинь империясынын жана каардуу Кокон хандыгынын учурунда Тянь-Шандык кыргыздарды аёосуз оор эзүүдөн, кыргындан, ал түгүл басып алуудан (Цинь империясы тарабынан кытай, жуңгар баскынчыларынан) сактап калган даңазалуу чыныгы элдик баатыр. [3]

Тарыхка жана тарых изилдөөчүлөрдүн эмгектерине кайрылсак, XVIIIк.а – XIX к. биринчи жарымында кыргыз улуту Борбор Азиянын ар кыл тоолуу жана өрөөндүү аймактарында мекендеп келишкен. Тайлак баатыр - 1796-жылы Ички Теңир Тоодо, Нарын дарыясынын боюндагы Каргалык деген жерде (Кыргызстандын азыркы Ак- Талаа жана Тогуз – Торо райондорунун чегинде) жарык дүйнөгө келген. Анын атасы Рыскул бий өзү да чекир саяк уруусунан чыккан Жанболот баатыр деген бийдин тукуму болгон. Жанболот баатырдын

атасы – Тоймат бий, ал эми Тоймат бийдин атасы Барчык болгон. Барчык болсо, Чоро баатырдын тукуму. Демек, Тайлак баатыр - чекир - саяк уруусунун ичинен чоро – саяк бутагын түзгөндөргө кирет.[4]

Демек, Тайлак баатыр – жашап өткөн жылы белгилүү болгон тарыхый инсан. Тайлактын баатыр болушуна ошол мезгилдеги тарыхый жагдай – шарт: Цин империясы менен Кокон хандыгынын тушундагы тынымсыз кол салуулар, элге болгон алым-салымдын күчөшү, жергиликтүү аймактарга Кокон чептеринин салынышы жана андагы башчылардын элге карата болгон мамилесине карап тура албаган эр азаматтардын эли-жерин коргоо, алардын боштондугу үчүн жүргүзгөн иш-аракеттери алардын тарыхый баатыр болуусуна себеп болгон.

А.Чоробаевдин бул чыгармага кайрылуусуна устаты Тоголок Молдонун жана акындын элдик оозеки чыгармачылыкка жакындыгы, ошондой эле Тайлактын Куртка өрөөнүнөн болуусу таасир берген. А.Чоробаев бул чыгарманы жаратууда эл ичиндеги аксакалдардан уккан санжыраларга таянган жана аны поэмада далилдеп кетет:

Токсон жыл өмүр сүргөн демдүү кары ,
Жээнбек өз таякем белдүү кары.
Талыкпай Тайлак жайын сүйлөр эле,
Айткандай оболтодон элдин баары.
Кокондун хандарынын жайын сурап,
Алдым мен таякемден баарын сурап [4].

XIX к. 20-30-жж. Кокон хандыгынын күч кубаты артып, ээлиги кыйла кеңеет. 1832-1834-жж. Кокон хандыгы каратып алган аймактарына өз үстөмдүгүн бекемдөө, чек араларды, соода кербендерин коргоо максатында жана кыргыздарды тейлеп-тескеп туруу үчүн бир катар чеп-коргондорду курган. Алсак, Чүй өрөөнүнө Пишпек, Токмок, Аксуу, Чалдыбар, Кара-Балта, Мерке чептери, Ички Теңир Тоодо Ат- Башы, Куртка, Тошуз-Торо Кочкор, Жумгал чептери, Көл боюнда Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскоон, Каракол чеп –коргондору пайда болгон. Куртка менен Пишпек чеби Кокондук бектердин турагы катары эсептелген.

Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү XIX к. 30-жылдарында күч алган эле. Ал жылдары Кокон баскынчыларына Нарындын төрүн жердеген чекир – саяк уруусу бөтөнчө катуу каршылык көрсөтүшкөн. Ички Теңир Тоодогу кыргыздар буга чейин Чыгыш Теңир-Тоодогу цинь-манчжур бийлигине каршы кыймылга, Жааңгер кожонун Кашкарга жасаган жоортулдарына такай катышып жүрүшүп, аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан бир кыйла такшалып калышкан.

1831-жылы жазында Кокон ханы Нарындын төрүндөгү кыргыз айылдарына жоортуул уюштурат, 1832-жылы Нарын суусунун боюна Куртка чебин курдурат. 1832-ж. Хаккула баштаган 7миң жоокер Ак-Талаадагы саяк урууларынын айылдарын жок кылышат. Хан ордосунун Ички Теңир- Тоодогу бийлигин бекемдөө үчүн Куртка чебинде 1000ге

жакын кокондук сарбаздар туруп, жергиликтүү элден түрдүү салыктарды алышкан, анын ичинде улфан – 10кап буудайдан 1 кап буудай, зекет – 80койдон 2 кой төлөп турушкан. [5].

Бул тарыхый маалыматта айтылган Кокон хандыгы тарабынан жергиликтүү элге карата жүргүзүлгөн салык маселеси поэмада төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Адегенде кыраж деп алман алган,

Кан тартуусу деп көп мал айдап алган.

Бербесе суук колун аралатып,

Сүттүү –сүрөк, күлүгүн кармап алган.

Бир жагынан үшүр зекет малдан алган,
Аралап жакшысынан тандап алган.

Кожо, молдо эшенине мурутсуң деп,

Ала –кийиз, аркан –жип арнап алган.

Олпоң кап буудайынан эгин алган,

Атына арпа, сулу жемин алган.

Саркерден деп ай сайын бирден алган,

Түтүнгө аштык жыйнап бирден алган [4]

Келтирилген ыр саптарында байкалгандай эң болбоду дегенде аркан-жиптен бери салык алганы жигиттердин намысын ойготкон. Мындан сырткары ордо бектери ар дайым Ак-Талаа, Куртка, Нарын, Ат-Башы, Какшаал аймактарынан сулуу кыздарды олжолоп келип, чапма нике кыйдырып, элге бүлүк салышкан. Тайлактын Кокондуктарга карата алгачкы жортуулга чыгышына, баатыр катары кол курашына уялашы Атантайдын колго түшүп, аны куткаруунун жолун издеп отурган маалда, эми эле 14 жашка толгон Калматайдын кызы Барпыжандын Кокондук желдеттин туткунунда бара жатып:

Эр Тайлак айдакчыдан ажыратар,

Күн барбы бизге шоола чачыратар

Үйүндө баш калкалап жатып калса,

Ким деген шордуулардын башын ачар?" – деп Нарын суудан кечип бара жатып, үнүм балким Тайлакка жетсе, биздей шордууларды бошотуп алаар деген үмүт менен айткан

сөзү Тайлакка жетип, атасы Рыскулга келип:

Жашым толуп жетилдим, жатып неге бекиндим?
Кокондуктун кордугун, ойлогондо өкүндүм...
Көк чапандуу Кокондук, чыгып келди каяктан!?
Кылычы кандуу желдеттен, кутулбадык таяктан!

Жабыр бизге өтпөйбү, кубатың ата жетпейби!? –деп, жолдон Ала –Буга суусунун боюнан 40-50дөй кызды куткарып, кокондуктар менен болгон кармашын айтып, элге кылган мамилесине, жалгыз эле Теңир Тоо аймагы эмес,

Чоң Анжиян, Алайды, Адигине Тагайды,

Жай –жайына койбоду! Топуктуу хан болбоду – деп, ансыз да бир тууганы Атанатайдын ордо жатканына ичи күптүү болуп, ачууланып турган Тайлак;

Атантайды орго салган соң, ордо кыз жыйнап алган соң,

Тынчып үйдө жата албайм, ойнуп кетти таралып!

Ташматка салам чабуулду, көргүн ата каруумду.

Казатыма жол берип, кабагын ачкын балаңды!

Куртка, Коргон жеримди, бошотоюн элимди.

Намысты ата алайын, батаңды бергин турбайын,

Туу түбүнөн жылбайын!

Ачкын менин жолумду, коё бер ата колумду! –дейт.

Мындай мотив кыргыз салтында кездешкен чоң ишке аттанардагы атанын алдынан өтүү, батасын алуу, анын ыраазычылыгына ээ болууну түшүндүрөт. Бирок атасы Рыскул:

-Айланайын Тайлагым, атанын сөзүн кармагын.

Аз ата уулу чоро бар, көтөрдүк кудай салганын!

Тилимди алсаң тура тур, беш –алты жыл өткүчө – дейт. Мындай сунушка намысы кайнап, билекте күчү толуп турган Тайлак атасынын айтканына макул болбостон, 60тай жигит курап, 40-50дөй карыларынан топтоп, айчыгы кызыл туу алып, “Тайлак” деп чуу чыгарып, кокондуктар тарабынан бекитилген Куртка коргонунун башчысы Ташматка жөнөйт. Бул жигит топтоо, кол куроо баатырдын атын айтып ураан чакыруу фактысы кыргыз фольклорундагы ар бир баатырга мүнөздүү көрүнүш.

Тайлактын сүрүнөн чочуган Курткадагы Кокон беги Ташмат жан далбастап араң

качып кутулуп, Кокон беги Мадали ханга жетип, болгон ишти баяндап берет. Ачууланган Мадали хан Ташматты эл алдында “-Жадыга мунун баскыла, каратып калктын алдында, канын суудай чачкыла!” – деп өлүм менен жазалайт да, калкты чогултуп хандын жаңы жарлыгына ылайык: -Хам лашкер Араб бар, Аркалыкка, Тайлакка барсам деген талап бар, Кутурган Тайлак дегендин колу аркага байлансын, жумшаарына кул алгын, жубанын коюп кыз алгын – деп аргымак тандап минип, туу көтөрүп кол менен Тайлактын айылына жер дүңгүрөткөн кол жөнөдү.

Андан ары окуялар Араб менен жолугушуу жана сайышуу бөлүмдөрүндө күчөп, Тайлак баатырдын “- Тайлактын сүрү жолборс, түрү шердей, душманга кыйкырганда үнү керней, көзүнөн от, оозунан чок чыккандай...” – деп элдик эпостордогу баатырлардай сүрөттөлүшү акындын фольклордук чыгармалар менен мыкты тааныш болгондугу, аларга болгон таасирленүүсүнүн жогору экендигин кабарлайт. Андан ары Тайлактын уктап жаткан Арабга жолугуп, жаткан жеринен аны өлтүрбөстөн: “...Уктаган адам өлүк го, ойгоо адам тирик го? Өлүктү кантип уялбай, өлтүрдүм деп элге айтам?” [4] – деп эзелки достордой жайбаракат отуруп сүйлөшүп, сайыштын күнүн болжошу баатырдын айкөлдүгүнөн кабар берет. Араб баатырдын өлүмүнөн кийин Кокон колу көпкө чейин кыргыз жерине келбеди. Кийинки окуялар тарыхта белгилүү болгон Жааңгер кожонун Цин –манжур үстөмдүгүнө каршы Кашкарга карата жасаган жоортуулу, жеңилүү ызасы менен кайткан Жааңгердин колунун Тайлактын айылына кол салуусу жана куугунчу кытай армиясынын Тайлактын Орто Сырт, Арпа жайлоосуна, Ак-Чий, Терек, Дөрбөлжүн, Майыстан аймагына чейинки айылдарына чейин келиши, Жааңгердин колго түшүшү жана Кокон ханынын жиберүүсү менен келген Эдиге төрөнүн Тайлак баатырды колго түшүрүү иш аракети, экөөнүн эрөөлгө чыгышы, Эдигенин өлүмү, Тайлакты жеңе албасына көзү жеткен Кокон ханы Маделинин айласы кетип, амал менен жеңмекке эмчи, тамырчы Көр Акимди жибериши менен окуялар чиеленип, поэманын кульминациялык чеги болгон Тайлактын баатырларга мүнөздүү кенебестик, энөөлүк сапаттарынан улам Көр Акимдин амалынан каза табышы, элинин баатырынан ажырап, кайрадан Кокон хандыгынын эзүүсүндө калышы, Тайлактын жалпы Кыргыз журтунун тизгинин колго алып, келерки жылы өткөрө турган бул жагы Көл, Сары Өзөн Чүй, Сарыбагыш, Солто элинин, кара Кочкор менен Жумгал, Кетмен – Төбө, ары жагы Анжиян кыргыздарынын башын бириктирем деген тилегине жетпей 37 жаш курагында дүйнөдөн кайтышы жана элинин баатырына карата жасаган сый-урматы Эр Тайлактын күмбөзүнүн салынышы менен поэма өз соңуна чыгат.

Чыгармада элдин социалдык турмушу, эл башы катары баатырдын жалпы кыргыз журтун бир бүтүндүккө бириктирүүнүн жолун издеген психологиялык толгонуулары чыгарманын сапатын арттырып турат.

Поэмада кездешкен жер – суу аттарынын күнү бүгүн да ушундай аталышы жана тарыхый сөздөрдүн көп кездеши кыргыз элинин тарыхын изилдөө иштерине, кыргыз

лексикасынын байышына чоң өбөлгө болот.

"Тайлак баатыр" поэмасы – эл эркиндигин, көз карандысыздык үчүн күрөшүн, акыйкаттыкты, калыстыкты даңазалап, бүгүнкү кыргыз жаштарына мекенчилдик, патриоттук сезим тартуулай турган чыгарма.

**Адабияттар**

1. Мусаев С. Эпикалык жанр: Кыргыз адабиятынын тарыхы. I том. // Бишкек, Шам. 2002.

2. Орозова Г. Кыргыз элдик поэмаларынын табияты (Жанр. Сюжет. Историзм) // Бишкек – 2015. 32-бет.

3. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Байыркы орток жана кол жазма адабияты. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында // Бишкек: 2012. IV том, -397-б.

4. Чоробаев А. Тандалган чыгармалар. Жаңыл Мырза. Тайлак баатыр //Түзг.: Н.А.Чоробаев. – Б.: 2016. -388б.

5. Тайлак баатыр: Эл четинде, жоо бетинде // Кыргыз элинин чыгаан баатыры Тайлак Рыскул улуунун (1796-1838 220жылдык жана залкар акын жана дастанчы А.Чоробаевдин хумурияттык илимий- тажрыйбалык жыйындын материалдары. – Бишкек, "Мурас" фонду, 2016.